# ТЕХНОЛОГИЯ ПРОДУКТОВ ПИТАНИЯ

**УДК 346.544.44:664**

## ТАМАК-АШ ПРОДУКЦИЯСЫН МАРКИРОВКАЛООДОГУ АКТУАЛДУУ МАСЕЛЕЛЕР

*Алымкулова Н.Б.,* улук окутуучу И.Раззаков атындагы КМТУ ш.Бишкек, пр. Ч.Айтматова 66, e-mail: n-alymkulova@mail.ru

**Аннотация.** Өндүрүүчүлөр жана сатуучулар үчүн да, ошондой эле тамак-аш азыктарын керектөөчүлөргө маркалоо маанилүү ролду ойнойт. Бир жагынан алганда, маркалоо азык-түлүктү алга жылдыруучу негизги каражаты болуп саналат. Башка жагынан алып карасак маркалоо керектөөчүлөрдүн буюм жөнүндө анын курамы, жарамдуулук мөөнөтү, керектөөгө чектөөлөр, даярдоочу, ж.б. зарыл маалыматтарды алуусу да камтылган.

Макалада автор белгиленген талаптарды сактоо менен тамак-аш продукциясынын маркалоо жана анын мазмунуна колдонуудагы мыйзамдарына ылайык, келтирилген түшүнүкторду ачат жана аны талдайт.

Бекитилген техникалык регламенттердин жана башка ченемдик-укуктук актыларынын талаптарына өзгөчө көңүл бурулду.

**Негизги сөздөр:** тамак-аш продукциясынын маркалоо, техникалык регламент жөнүндө маалымат, товар, таңгактоо, коопсуздукту сактоо,белги, символ.

## АКТУАЛЬНЫЕ ВОПРОСЫ МАРКИРОВКИ ПИЩЕВОЙ ПРОДУКЦИИ И ИНГРЕДИЕНТОВ

*Алымкулова Н.Б.,* старший преподаватель КГТУ им. И.Раззакова, г. Бишкек, ул. Ч. Айтматова 66, e-mail: n-alymkulova@mail.ru

**Аннотация.** На практике маркировка играет важную роль как для производителей и продавцов, так и для потребителей пищевой продукции. С одной стороны, маркировка является одним из ключевых средств продвижения товара. С другой стороны – благодаря маркировке потенциальные потребители получают необходимую информацию о продукте, его составе, сроке годности, ограничениях к потреблению, производителе и т.д.

В статье приведены понятие маркировки пищевой продукции, автор раскрывает ее и анализирует установленные требования к ее содержанию в соответствии с действующим законодательством. Особое внимание уделено требованиям, закрепленным в технических регламентах и иных нормативно-правовых актах.

**Ключевые слова:** маркировка пищевой продукции, технический регламент, информация о товаре, упаковка, безопасность,знаки, символ.

## ACTUAL ISSUES OF MARKING FOOD PRODUCTS AND INGREDIENTS

*Alymkulova N.B.,* senior lecturer, Kyrgyzstan, 720044 c. Bishkek, KSTU named after I. Razzakov, Ch. Aitmatov street 66, Phone: e-mail: n-alymkulova@mail.ru

**Abstact.** In practice, marking plays an important role both for producers and sellers, as well as for consumers of food products. On the one hand, labeling is one of the key means of promoting the goods. On the other hand – thanks to the marking, potential consumers receive the necessary information about the product, its composition, shelf life, restrictions on consumption, the manufacturer, etc.

The article describes the concept of food labeling, the author reveals it and analyzes the established requirements for its content in accordance with the current legislation. Particular attention is paid to the requirements fixed in technical regulations and other regulatory legal acts.

**Key words:** food labeling, technical regulations, product information, packaging, security, signs, symbol.

Кыргызстан ЕврАзЭСге киргенден бери өлкөдө 18 техникалык, алардын арасында тамак-аш коопсуздугуна тиешелүү регламент колдонулууда. Кабыл алынган тамак-аш коопсуздугу боюнча техникалык регламенттер маркировкалоо, мөмө-жемиш ширелери, майлуу өсүмдүктөр, сүт жана сүт азыктары, эт жана башкаларга тиешелүү. Бул техрегламенттерди актуалдаштыруу максатында, аларга бардык баа берүү ченемдери аныкталып, Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары ылайыкташтырылган. ЕврАзЭСдеги техрегламенттердин эң башкы талабы – жарандардын өмүрүн жана ден соолугун, тамак-аш азыктарын маркалоо процессинде пайда болгон аракеттерден керектөөчүлөрдүн укугун коргоо жана керектөөчүлөрдү адаштырууга алып барган иш-аракеттердин алдын алуу максатында колдонулат [1].

Эң негизги максаты – ички жана тышкы рынокту сапат жана жетиштүү көлөмдөгү керектөө менен камсыздоо болуп саналат. Бажы союзунун комиссиясынын чечими менен 2011-жылы 9-декабрда №881 022/2011 «Тамак-аш азыктарын маркалоо жөнүндө» техникалык регламент кабыл алынып, 2013-жылдын 1-июлунан бери иш жүзүнө ашырылууда. Мыйзам жарандардын өмүрүн жана ден соолугун, тамак-аш азыктарын маркалоо процессинде пайда болгон аракеттерден керектөөчүлөрдүн укугун коргоо жана керектөөчүлөрдү адаштырууга алып барган иш-аракеттердин алдын алуу максатында колдонулат. Мыйзам техникалык жөнгө салуунун объектилерин белгилейт, аларга карата маркалоо жөнүндө милдеттүү талаптар:

- техникалык жөнгө салуунун объектилерин идентификациялоонун эрежелери;
- техникалык жөнгө салуунун объектилерин маркалоого жана аны белгилөөнүн эрежелерине карата милдеттүү талаптар;
- техникалык жөнгө салуу объектилеринин ушул Мыйзамдын талаптарына ылайык келишине баа берүүнүн эрежелери жана формалары белгиленилет [1].

**Мыйзамдын максаттары үчүн төмөнкүдөй негизги түшүнүктөр колдонулат:**

- жыпар-жыт берүүчүлөр – жыпар-жыт берүүчү заттардын кошулмасынан турган, тамак-аш азыгынын жытын жана даамын жакшыртуу үчүн кошулуучу тамак-аш кошулмасы;
- тамак-аш азыгынын коопсуздугу – адамга зыяндуу таасирине байланыштуу жол берилбеген тобокелдиктин жоктугу күбөлөндүрүлгөн тамак-аш азыгынын абалы;
- биологиялык активдүү тамак-аш кошумчалары – витаминдерди, минералдарды жана башка табигый заттарды камтыган, ден соолукту сактоого көмөк берүүчү азыктар;
- даярдоо датасы – Кыргыз Республикасынын аймагында жүгүртүүгө чыгарылган тамак-аш азыгын өндүрүүнүн технологиялык процесси бүткөн дата;
- таңгактоо датасы (суюк продуктулар үчүн куюлган датасы) – тамак-аш азыгы керектөө идишине салынган (куюлган) датасы;
- тамак-аш азыгынын өзгөчө белгилери тууралуу билдирүү – ушул тамак-аш азыгы ошол эле топтогу тамак-аш азыгынан айырмаланган, анын ичинде азыктык баалуулугу, кайра иштетүү ыкмалары, курамы, чыккан жери жана ден соолук үчүн пайдасы жагынан белгилүү касиетке ээ экендигин күбөлөндүргөн тамак-аш азыктарынын маркалоодо билдирилген маалымат;
- идентификациялоо – тамак-аш азыгынын мүнөздөмөлөрүнүн анын олуттуу белгилери менен окшоштугун белгилөө;
- тамак-аш азыктарын маркалоо – керектөөчүлөр үчүн арналган, жазуулар, сүрөттөр, белгилер, символдор, башка белгилер жана (же) алардын комбинациялар түрүндөгү керектөө таңгагына, транспорт идишине түшүрүлгөн тамак-аш азыктары жөнүндө маалымат же таңгакка, идишке бекитилген же болбосо таңгакка, идишке жайгаштырылган, же болбосо таңгакка, идишке тиркелген башка түрдөгү маалыматтын түрү;
- тамак-аш азыктарынын партиялары – окшош шарттарда өндүрүлгөн (даярдалган) жана (же) таңгакталган, анын коопсуздугун тастыктоочу бир документ менен коштолгон бир түрдөгү тамак-аш азыктарынын жыйындысы;
- азыктык баалуулугу – адамдын күч-кубатка жана негизги тамак-аш азыктарына физиологиялык керектөөсүн камсыздоочу тамак-аш азыктарынын касиеттеринин комплекси;
- тамак-аш азыгын жүгүртүү – азыктын даярдоочудан керектөөчүгө чейинки бардык процесстерди камтыган, ал өндүрүлгөндөн кийин өтүүчү жолу (сактоо, ташуу жана сатуу);
- сатуучу – керектөөчүлөргө тамак-аш азыктарын сатуучу менчиктин ар кандай түрүндөгү жеке жана юридикалык жак;

- керектөөчү – өзүнүн жеке керектөөсүн канааттандыруу максатында тамак-аш азыктарын сатып алуучу жана алуучу жеке же юридикалык жак;
- тамак-аш кошумчалары – тамак-аш азыктарына белгилүү бир касиеттерди берүү жана/же сапатын сактоо максатында аларды даярдоо процессинде азыктарга атайын кошулуучу табигый же жасалма заттар жана алардын бирикмелери;
- сактоо мөөнөтү – сактоонун белгиленген шарттары сакталган учурда тамак-аш азыктарынын нормативдик же техникалык документтеринде көрсөтүлгөн касиети сакталган мезгил;
- жарактуулук мөөнөтү – сактоонун белгилүү шарттарын кармоо менен саламаттыкты сактоо органдарынын макулдугу боюнча даярдоочу белгилеген мезгил, ал мезгил өткөндөн кийин тамак-аш азыгы максаты боюнча пайдаланууу үчүн жараксыз деп эсептелинет;
- идиш – тамак-аш азыгын толук же жарым-жартылай, жабып оролгон, өзүнчө буюм катары жеткирүү үчүн тамак-аш азыктарын таңгактоо. Идишке таңгактардын бир нечеси же түрлөрү салынышы мүмкүн;
- товардык белги – товарды жана даярдоочуну (сатуучуну) индивидуалдаштыруу үчүн өнөр-жай же соода ишканасынын азыгынын таңгакчасында жайгаштырылган (жазылган) белги;
- этикетка – маалымат булагы, ага керектөө таңгакчасына жана (же) товар бирдигине тиркелген же бекитилген азыктын же аны даярдоочунун жазуу жүзүндөгү ар кандай мүнөздөмөсү түшүрүлөт;
- ярлык – таңгакчага бекитилген же тиркелген же таңгакчага чаптапган, маркалоону түшүрүү үчүн арналган таңгакталган тамак-аш азыгы тууралуу маалымат булагы[1].

**Тамак-аш азыктарын маркалоонун негизги принциптери:**

- Тамак-аш азыктарынын курамы, касиеттери, азыктык баалуулугу, чыгарылган жери, даярдоо жана керектөө ыкмасы өтө түшүнүктүү, толук жана туура болууга тийиш.
- Даярдоочу (сатуучу) керектөөчүгө алардын туура тандоо мүмкүндүгүн камсыз кылуу үчүн тамак-аш азыктары жөнүндө зарыл жана так маалыматты өз убагында берүү.
- Керектөөчү үчүн маалымат керектөө идишиндеги текст, шарттуу белгилер жана сүрөттөр, тамак-аш азыктарынын айрым түрлөрү үчүн кабыл алынган ыкмадагы этикетка, контрэтикетка, кольеретка, ярлык, каттама-баракча түрүндө түздөн-түз тамак-аш азыгы менен бирге берилет.
- Керектөөчү үчүн маалыматтын тексти мамлекеттик жана расмий тилдерде жазылат. Текст жана жазуулар чет тилдерде да кайталанып жазылышы мүмкүн. Текст жана жазуулар азык жөнүндө маалымат берилген ошол тилдин нормаларына дал келиши керек. Керектөөчү үчүн импорттук тамак-аш азыктарына маалымат мамлекеттик тилге которулууга тийиш [2].

**Тамак-аш азыктарын маркалоого коюлган жалпы талаптар төмөндөгүдөй:**

- азыгынын аталышы жана анын тиби;
- даярдоочунун аталышы жана жайгашкан жери (өлкөнү кошо алганда юридикалык дареги же анын аймагында (болсо) керектөөчүлөрдүн доомattарын кабыл алууга даярдоочу тарабынан ыйгарым укук берилген Кыргыз Республикасындагы уюмдардын дареги);
- даярдоочунун товардык белгиси (болсо);
- көлөмү;
- куюлган датасы;
- жарактуулук мөөнөтү жана сактоо шарты;
- спиртти камтышы (даяр продуктуда этил спиртинин 0,2%дан ашуун көлөмдүк үлүшүндө);
- азыктын курамы; даамына жана жытына таасир этүүчү негизги ингредиенттердин аталышы (негизги ингредиенттердин тизмесин даярдоочу аныктайт), ошондой эле азыктык кошулмалар, жыпар жыт берүүчүлөр, тамакка биологиялык активдүү кошулмалар, көндүм эмес курамдагы азыктын ингредиенттери;
- азыктык баалуулугу;
- азык ага ылайык даярдалган жана идентификацияланышы мүмкүн болгон документтин белгилениши;
- ылайык келүүсүн тастыктоо жөнүндө маалымат.
- Кошумча төмөнкүдөй жазуулар болушу мүмкүн:
- суусундукту иштеп чыгуучу уюмдун аталышы;
- суусундуктун негиздеринин кыскача мүнөздөмөсү;
- ушул продуктуга тиешелүү "муздак ичкиле" деген жана башка маалыматтык жана жарнамалык мүнөздөгү жазуулар болушу мүмкүн [2].

**Тамак-аш азыктарын маркалоодо төмөнкүлөргө жол берилбейт:**

- тамак-аш азыктарынын аталышындагы, эгерде аны кайра иштетүүдө ошол компоненттер же продуктылар тамак-аш азыгынын курамына кирбесе, компоненттерди көрсөтүүгө;
- ар кандай тамак-аш азыктарына бир аталыш берүүгө.
- ошол азыкта жок компоненттердин бар экенин жымсалдаган жыпар-жыт берүүчүлөр кошулса, тамак-аш азыгынын аталышы «даамдуу», «жыпар-жыттуу», «жыпар-жыт берүүчүлөр» деген же ушуга окшош сөздөр менен толукталышы керек.

Жогоруда баяндалган талаптарга ылайык түшүрүлгөн азыктын аталышы фирмалык аталыш, анын ичинде латын алфавитинин тамгасындагы жазылуу менен даярдалган жери, азыкты даярдоочунун аталышы жана башка фирмалык марка (белги) түшүрүлүп, толукталышы мүмкүн.

- Тамак-аш азыктарынын айрым түрлөрүнүн техникалык регламенттери тамак-аш азыгынын аталышына кошумча талаптарды белгилеши керек [2].

Учурда сатыкка чыгарылган тамак-аш азыктарынын маалыматтарын кээ бир керектөөчүлөр көңүл буруп карашпаган жагдайлар да кездешет. Мисал катары «Артезиан» табигый ашкана суусунун маркалоосун карап көрөлү. «Артезиан» табигый ашкана суусу эң сонун даамдык сапаттарга ээ жана табигый жеңил минералдашкан, ошондуктан аны күн сайын ичүүгө сунуштоого мүмкүндүк берет. Чаңкоону эң сонун кандырат жана тамактын, чайдын, кофенин даамын жакшыртат. Суунун минералдашуусу жана иондук курамы толугу менен берилген табл. 1.

*Таблица 1.*

**«Артезиан» табигый ашкана суусунун минералдашуусу жана иондук курамы**

| **Минералдашуусу,** *г/дм*$^3$ | **Негизги иондук курамы (*мг/дм*$^3$)** | |
|---|---|---|
| 0,3 | **Аниондор** | **Катиондор** |
| | $HCO_3$ 137 | Ca ++43 |
| | $SO_4$ –29 | Mg ++7 |
| | Cl -10 | (Na + K) 10 |

«Артезиан» табигый ашкана суусунун маркалоонун жолдоруна кыскача токтолуп кетели:

- азыгынын аталышы жана анын тиби – «Артезиан» табигый ашкана суусундугу;
- даярдоочунун аталышы жана жайгашкан жеринин дареги: «Артезиан» ЖЧК Кыргыз Республикасы, Сокулук а., Краснодар көчөсү 1«а«;
- даярдоочунун товардык белгиси бар;
- көлөмү – 0,5 мл;
- чыгарылган күнү – 19.10.2019-ж;
- жарактуулук мөөнөтү жана сактоо шарты – 6 ай;
- желдетилип туруучу караңгы кампа жайда $5–20^{0}$С чейинки температурада сактоо керек;
- азык ага ылайык даярдалган жана идентификацияланышы мүмкүн болгон документтин белгилениши бар – КМС 943;
- ылайык келүүсүн тастыктоо жөнүндө маалыматтар бар;
- суусундукту иштеп чыгуучу – Скважина №9089 (17533-Д);
- суусундуктун негиздеринин кыскача мүнөздөмөсү көрсөтүлгөн;
- штрих саны, ЕАС белгиси көрсөтүлгөн.
- керектөөчү үчүн маалыматтын тексти мамлекеттик жана расмий тилдерде жазылган[3].




1-сүр.«Артезиан» табигый ашкана суусундугу

**Жыйынтыгы:** «Артезиан» табигый ашкана суусундугу жогоруда айтылган талаптарга ылайык, бардык эрежелерди сактоо менен маркалоо жүргүзүлгөн. Жогоруда баяндалгандардын негизинде, биз кардарларга тамак-аш азыктарынын маркаларында маалыматтар так жана тамак-аш азыгын мүнөздөөчү жана керектөөчүгө башка тамак-аш азыгынан айырмалоого мүмкүндүк берүүчү так маалыматтарга өзгөчө көңүл буруунун сунуш кылабыз.

Суунун дарылык касиетин жана жаратылыштык чыккан жерин көрсөтүүгө тыюу салынат.

Ашкана суусун маркировкалоодо суунун жаратылыштык чыккан жери жөнүндө керектөөчүнү чаташтырбоо максатында ичүүчү суу менен жабдуу булагынын географиялык орду, чыккан жери, скважинанын номери көрсөтүлбөйт, анткени иштетилгенден кийин тазаланып идишке куюлган суу-

нун составы суунун жана булак суусунун составынан кыйла айырмаланат. Маркалоодо иштетилгенден кийин идишке куюлган сууну минералдаштыруу жана анын химиялык составы көрсөтүлөт.

Сууну бир нече булактан алган учурда бир нече булактан куюунун натыйжасында алынган минералдаштыруусу жана анын химиялык курамы көрсөтүлөт.

## Адабият


1. 005/2011 «Тамак-аш азыктарынын коопсуздугу жөнүндө» техникалык регламент 2011-жылдын 9-декабры № 880.
2. 022/2011 «Тамак-аш азыктарын маркалоо жөнүндө» техникалык регламент 2011-жылдын 9-декабры № 881.
3. «Бутылкага куюлган табигый минералдык жана табигый ичүүчү ашкана сууларынын коопсуздугу жөнүндө» техникалык регламент 2011-жылдын 6-апрели №139.